УДК: 81-26: 811. 512. 154 (575.2) (043.3)

**Абдыжапар уулу М.**
филология илимдеринин кандидаты
*Кыргыз Республикасынын Министрлер*
*Кабинетинин Котормо борборунун эксперти*

## АКАДЕМИК Б. ОРУЗБАЕВА ЖАНА КЫРГЫЗ ТЕРМИНОЛОГИЯСЫ

**Абдыжапар уулу М.**
кандидат филологических наук
*эксперт Центра перевода Кабинета*
*Министров Кыргызской Республики*

## АКАДЕМИК Б.ОРУЗБАЕВА И КЫРГЫЗСКАЯ ТЕРМИНОЛОГИЯ

**Abdyzapar uulu M.**
candidate of Philological sciences
*Expert of the Translation Center of the*
*Cabinet of Ministers of the*
*Kyrgyz Republic*

## ACADEMICIAN B.ORUZBAYEVA AND KYRGYZ TERMINOLOGY

**Аннотация.** Макалада кыргыз тил илиминдеги котормо жана терминология маселелери тууралуу сөз болот. Тактап айтканда, терминология тилдин өзгөчө бир бөлүмү, ал эми терминдер тилдин лексикалык корунун тутумдук бир катмары болуп саналары, тилдин лексикалык кору дайыма өзгөрүүлөргө учурап, үзгүлтүксүз толукталып турары баяндалат. Ошону менен бирге терминдер да тынымсыз жаңылануу, толукталуу процессинде болушу керектиги айтылат. Алсак табият илимдеринде жаралган жаңылыктарга, ачылыштарга, жаратылган ийгиликтерге жараша дайыма эл аралык атайын комиссия тиешелүү түшүнүктөрдүн, кабыл алынган бирдиктердин аталыштарын тартипке келтирүү максатында жыйындарды өткөрүп талкуулап келатканы белгилүү. Демек мезгил-мезгили менен илим менен техниканын өнүгүп-өскөнүнө байланыштуу илимий терминология өз мезгилин канааттандыра албай калат. Ошентип терминдердин, терминологиянын мезгил-мезгили менен жаңыланып турушу шарт. Анын калыптаныш жана жаңыланыш маселеси дайыма максаттуу жүрүшү керек. Ар бир илим тармагы өзүнүн терминологиясынын башаламан калыптанып өнүгүшүнө жол бербеши керек. Терминологиянын калыптаныш жана өнүгүш принциптери тууралуу пикирлер айтылган.

**Негизги сөздөр**: терминдер, терминология, чет элдик терминдерди которуу, кыргыз тили.

**Аннотация.** В статье речь пойдет о проблемах перевода и терминологии в кыргызской лингвистике. Отмечается, что терминология – это особый раздел языкознания, а термины – особая подсистема лексической базы языка, которая постоянно изменяется и пополняется. При этом термины находиться в процессе постоянного обновления и пополнения. Известно, что по нововведениям, открытиям и успехам, созданным в естественных науках, проводятся заседания и обсуждаются специальной международной комиссией с целью систематизации названий соответствующих понятий и принятых единиц. В контексте быстрого развития науки, техники и технологии терминология нуждается в обновлении. Таким образом, вопрос формирования и обновления терминологии всегда должен быть целенаправленным. Каждая отрасль науки не должна допускать хаотического развития своей терминологии. Высказаются мнения о принципах формирования и развития терминологии.

**Ключевые слова**: термины, терминология, перевод иностранных терминов, кыргызский язык.

**Annotation.** The article deals with the problems of translation and terminology in Kyrgyz linguistics. It is noted that terminology is a special field of linguistics, and terms – a special subsystem

of the lexical base of the language that constantly changes and replenishes. At the same time, the idea is expressed that the terms  undergo a continuous process of renewal and expansionWe know that on innovations, discoveries and successes created in the natural sciences, meetings are held and discussed by a special international commission in order to systematize the names of the corresponding concepts and accepted units. In the context of the rapid development of science and technology, terminology needs to be updated. Thus, the issue of its formation and renewal should always be purposeful. No branch of science should allow the chaotic development of its terminology. The article expresses the opinions on the principles of formation and development of terminology.

**Key words**: terms, terminology, translation of foreign terms, kyrgyz language.

Быйылкы жылы Кара кыргыз автономиялуу облусунун негизделгенин 100 жылдыгы деп белгилеп жатабыз. И. Арабаевдин мамлекет түзүү идеясын Ж. Абдрахманов уланткан улуттук тунгуч интеллигенция өкүлдөрүнүн ошондогу мамлекеттүүлүктүн пайдубалын түптөөгө кошкон салымын узун сабак кеп кылып, сыймыктана айтып жаткан учурубуз. Ошондой эле улуттук тунгуч басылмабыз "Эркин тоо" гезитинин чыкканынан да 100 жыл толуп отурат. Анан кыргыз тил илиминин өнүгүшүндө К.Тыныстанов менен Б.Юнусалиев чапкан жолду улаган, өзүнчө лингвистикалык мектеп куралган.

"Эне тилдин энеси" атыккан академик Б.Орузбаеванын 100 жылдыгын белгилеп жатабыз.  Бул симметриялуу үч бурчтук – биздин пикирибизде, өзүнчө бир символикалуу көрүнүш.

Улуу Октябрь Социалисттик революциясынан кийин кыргыз калкынын кеңири массасын тейлеген, аларды сабаттулукка жеткирүүнүн бирден-бир зарыл куралы болуп саналган улуттук жазуунун жаралышы – кыргыз адабий тилинин түзүлүшүнө, жалпы элдик бирдиктүү нормаларынын калыпка салынышына зор мүмкүндүк бергенин тарыхый калыстык катары белгилеп коюубуз керек. Оозеки кеп жазууга ээ болмоюнча ал өзүнүн өнүгүү жолунда кемтик абалда болору логикалык жактан ынанымдуу. Адабий тил – алдыңкы кыргыз интеллигенциясы, айрыкча, сөз устаттары тарабынан иштелип чыккан, жалпыга түшүнүктүү болгон, коомдун бардык мүчөлөрү үчүн кызмат кылган жана өсүп-өнүгүү, өркүндөө процессине ар дайыма дуушар болуп турган, ошондой эле ар качан камкордукка муктаж болгон көрүнүш.Адабий тилдин коомдук функциясы (коомдогу аткарган кызматы же милдети) алда канча кеңири болгондуктан, жергиликтүү диалектилерге жана говорлорго караганда, ал күндөлүк басма сөздүн, үн алгы менен сын алгы берүүлөрдүн, адабий чыгармалардын тилине, мамлекеттик маанидеги ар кандай документтерди, иш кагаздарын, окуу-тарбия жана массалык саясий, үгүт-насыят иштерин жүргүзүүнүн куралына айланган.

Академик Б.Ө. Орузбаева: «Кыргыз-орус тилдеринин өз ара карым-катнашы өзгөчө анын революциядан кийинки өсүш этабына тиешелүү болгондуктан, бул көрүнүш кыргыз тилинин лексикасынан өзгөчө байкалат: 1. Кыргыз тили кылымдар бою оозеки формада өнүгүп келген болсо, революциядан кийин анын кол жазмасы түзүлүп, калыптана баштады. 2. Кыргыз тилинин катнаш куралы катары колдонулуу чөйрөсү кеңеет. 3. Кыргыз тилинде илимий терминология калыптанды. 4. Кыргыз тилинин лексикасы байыды (болгондо да, ички мүмкүнчүлүктөрдүн жана өздөштүрүүлөрдүн эсебинен)», – деп жөндүү пикирин билдирген [1: 288]. Чындыгында эле, орус тили башка тилдер үчүн интернационалдык лексиканы ооштурган «көпүрө» болуп калды. Бул жагынан кыргыз тили башка тектеш тилдерге салыштырганда да өздөштүрүүлөрдүн алгачкы формасын сактоо боюнча бир кыйла өзгөчө орунду ээлейт. Мындай кырдаал жалпы эле адабий тилдин нормаларынын калыптанышына түздөн-түз таасирин тийгизип, эки тилдин арасындагы айырмачылык чегин жакындатат.

Алгач котормо, термин жаратуу эмне деген суроого жооп издеп көрсөк. Котормо – бул көп кырдуу чыгармачыл процесс. Анда акыл эмгеги, терең билимге сугарылган эрудиция, маалыматтын ар тараптуулугу жана ар бир сөздүн астарындагы подтекстти түшүнө билген интуиция талап кылынат.

Которуу – бул түпнуска тилиндеги маалыматты котормо тилинде берүү. Тилдер грамматикалык түзүлүшү жана сөз казынасындагы сөздөрдүн саны боюнча айырмаланарын эске алуу менен эле так котормонун болушу мүмкүн эмес деп жыйынтык чыгарууга болот. Термин жаратуу – бул башка тилдеги түшүнүктү эне тилдеги эквиваленти бар шайкеш сөз менен берүү

процесси. Термин – бул өзүнө гана тиешелүү лексикалык жүктү алып жүргөн, так жана кыска атоо болушу зарыл. Мына ушул эки чыгармачыл процесс биздин кыртышыбызда кандай башталып, кандай өнүккөн.

Азыркы күндө *котормо* деген түшүнүк көп өңүттөрдү ичине камтыйт. Бир тилден экинчи тилге ырлар, көркөм проза, публицистика, ар түрдүү тармактарга тиешелүү илимий жана илимий-популярдык адабияттар, дипломатиялык документтер, иш кагаздары, саясий ишмерлердин сөздөрү менен макалалары, ораторлордун сөздөрү, гезит кабарлары, ар түрдүү тилдеги аңгемелешүүлөр, кинофильмдер которулат. Ушундан улам котормого кызыгуу күчөп, топтолгон практикалык тажрыйбаны бир системага келтирип, жалпылоо зарылдыгы келип чыкты. Ошентип, филологияда котормо илими же котормонун теориясы, же кенен алганда, котормотаануу илими пайда болду. Орус тилинде бул илим теория перевода, переводоведение, англис тилинде theory of translation, science of translation, кийинки учурларда болсо translatology деп аталат [2: 9]. Мунун өзү бул тармактын белгилүү бир илим тармагы деген статуска ээ болгонун жана анын өзүнчө предмети жана милдеттери бар экенин далилдеп турат. Котормотаануу илиминин предмети – котормо. Котормо иши: бир тилден экинчи бир тилге (тектеш, тектеш эмес) которуу; адабий тилден анын диалектисине же диалектиден адабий тилге, же бир тилдин диалектисинен экинчи бир адабий тилге которуу; эски тилден кийинки жаңы тилге которуу түрүндө болушу мүмкүн. Котормотаануу илиминин же котормо теориясынын милдеттерине төмөнкүлөр кирет: которуу процессин жана анын мыйзамченемдүүлүктөрүн изилдөө; түпнуска менен котормону салыштыруу аркылуу ар түрдүү деңгээлдеги котормо шайкештиктеринин маңызын жана мүнөзүн аныктоо; которуу ыкмаларын жана жолдорун сыпаттап берүү; котормо практикасы менен теориясынын тарыхын иликтөө; ар түрдүү маданияттардын өнүгүшүндөгү котормонун ролун аныктоо. Котормотаануу илими бир жагынан жалпы тил илими менен, экинчи жагынан конкреттүү тилдердин лексикологиясы, грамматикасы, стилистикасы, тарыхы менен тыгыз байланышта. Котормотаануу илиминде булардагы фактылар менен аныктамалар, тилдин өзгөчөлүктөрү боюнча корутундулар менен жыйынтыктоолорду алып турат. Котормотаануу илиминин изилдөө объектиси болуп которуу процесси жана ар түрдүү котормо тексттер жана алардын түпнускалары эсептелет. Ошондуктан кийинчерээк айрым котормочулар котормочунун өз ишинде эркинирээк болушун, сөзмө-сөз эмес, мазмунду берүүнүн зарыл экенин теориялык жактан негиздөөгө аракет кылышкан. Кийинчерээк айрым котормочулар «жакшы» котормо же «жакшы» котормочу жооп берүүгө тийиш болгон бир катар талаптарды коюу менен «котормонун нормативдик теориясын» түзүүгө аракет жасашкан.

Этьен Доле котормочу төмөнкү беш принципти сактоого тийиш деп эсептейт: 1. которула турган текстти жана автордун айтайын деген оюн жакшы түшүнүү; 2. түпнуска тили менен котормо тилин мыкты билүү; 3. түпнусканын мазмуну менен формасын бурмалоого алып келе турган сөзмө-сөз которуудан оолак болуу; 4. котормодо кеңири колдонулган сөздөрдү пайдалануу; 5. сөздөрдү туура тандоо жана жайгаштыруу менен түпнусканын таасирине жетишүү [3: 7]. А. Тайтлер котормонун принциптерине арналган китебинде котормого коюлуучу төмөнкү талаптарды көрсөтөт: 1). котормо түпнусканын идеяларын толугу менен берүүгө тийиш; 2). котормонун стили менен баяндоо манерасы түпнусканыкындай болууга тийиш; 3). котормо түпнускадай эле жеңил окулууга тийиш [4: 3-4]. Эми терминологиянын тек-жайына кайрылсак. Ар кандай илимдин үзүрлүү өсүп-өнүгүш ийгиликтеринин түшүнүктүү баяндалып башкаларга жеткиликтүү болушун ошол илимдин иштелип чыккан терминологиясысыз элестетүүгө мүмкүн эмес. Илимий жетишкендиктер, ойлоп табылгандар, илимий ачылыштар, илимий изилдөөлөрдүн натыйжасында жаралгандар, жаңылангандар, бардыгы сөзсүз түрдө жазылып калтырылыш керек. Ал үчүн ошол илимдин тили калыптанып, ийкемдүү терминдер системасынын иштелип чыгышы шарт.

Антуан Лавуазьенин «**ар бир илим сөзсүз түрдө ошол илимди түзүп турган фактылардан, алардын элесин берген туюмдардан жана аларды туюндурган сөздөрдөн турат**» деп айткан жайы бар. Демек илимди өркүндөтпөй туруп тилди өркүндөтүүгө жана тилди өркүндөтпөй туруп илимди өркүндөтүүгө мүмкүн эмес. Анткени илимдеги фактылар канчалык ишенимдүү болсо да, алар туура жана так баяндалбаса, өздөштүргөндөр тарабынан жаңылыш кабыл алынып калышы толук ыктымал. Ошентип, илимдин жана техниканын тигил же бул тармактарынын терминологиясын туура

иштеп чыгып калыптандыруу аракеттери илгертен бери жүрүп келет. Илимдин тилинин, илимий терминологиянын ийкемдүү жана туура иштелип чыгып калыптанышынын мааниси абдан чоң. Анткени ар бир илимдин тили, терминологиясы ошол илимдин ийгиликтери, ошол илимдин жетишкендиктери, ачылыштары, жаратkандары менен тыгыз байланышта болот, ошол илимди калайык-калкка жайылтат. Ошентип терминдердин, терминологиянын ийкемдүү иштелип чыгышы, тилдин ички мыйзамдарына жараша тартипке келтирилиши билимдердин тиешелүү тармагынын негизин түзгөн түшүнүктөрдүн системага салынышы менен байланышат.

Терминология тилдин өзгөчө бир бөлүмү, ал эми терминдер тилдин лексикалык корунун тутумдук бир катмары болуп саналат. Тилдин лексикалык кору дайыма өзгөрүүлөргө учурап, үзгүлтүксүз толукталып турат. Ошону менен бирге терминдер да тынымсыз жаңылануу, толукталуу процессинде болот. Кандай гана илим болбосун анын терминологиясында жетишпегендиктер болбой койбойт. Алсак табият илимдеринде жаралган жаңылыктарга, ачылыштарга, жаратылган ийгиликтерге жараша дайыма эл аралык атайын комиссия тиешелүү түшүнүктөрдүн, кабыл алынган бирдиктердин аталыштарын тартипке келтирүү максатында жыйындарды өткөрүп талкуулап келатканы белгилүү. Демек, мезгил-мезгили менен илим менен техниканын өнүгүп-өскөнүнө байланыштуу илимий терминология өз мезгилин канааттандыра албай калат. Ошентип терминдердин, терминологиянын мезгил-мезгили менен жаңыланып турушу шарт. Анын калыптаныш жана жаңыланыш маселеси дайыма максаттуу жүрүшү керек. Ар бир илим тармагы өзүнүн терминологиясынын башаламан калыптанып өнүгүшүнө жол бербеши керек. Терминологиянын калыптаныш жана өнүгүш принциптери болот. Лексикалык бирдиктердин термин катары тандалып алынышы, биринчи кезекте лингвистикалык мыйзамдардын негизинде ишке ашат. Демек, терминологиянын калыптанышында лингвистикалык принциптер иштеши керек. Алардын биринчи топтогулары төмөндөгүлөр: 1) термин катары төл сөздөрдү пайдалануу (бул бүгүн да күчүндө, тилчилер «Манас» эпосунан терминдерди издөөдө); 2) араб-иран сөздөрүн термин катары пайдаланууга чек коюу; 3) орус жана интернационалдык сөздөрдү (эгерде эне тилде шайкеш келген эквиваленти болбосо) термин катары кеңири колдоно берүү. Ушул принциптер азыр деле көп өзгөрүүгө учурай элек. Тек гана термин жасоо үчүн сөздүн уңгусун табуу, керек болгондо ага мүчө улоо, кыскалык, бир маанилүүлүк, түшүнүккө шайкеш келүү ж.б. сыяктуу тактоолор киргизилди. Аталган Терминком учурунда өтө зор иштерди жасап, термин түзүү ишин жөнгө салып, кыргыз тилин илим менен техниканын тилине айлантууга чыйыр салып, негиз түптөгөнүн тарых алдында баса белгилеп айтып коюубуз керек. Жалпы союздук аренада илимий ачылыштар, өндүрүштөгү ийгиликтер биринин артынан бири жаралып турган ошол кездеги термин түзүүдөгү кыйынчылыктарды жеңүүгө өбөлгө болгон чоң эмгек 1944-жылы, андан кийин оңдоп-толуктоо менен 1957-жылы академик К.К.Юдахиндин жалпы редакциясы менен чыгарылган «Орусча-кыргызча» сөздүк болду. Ошондой эле кыргыз тилинде терминдерди калыптандыруудагы көрүнүктүү эмгектер 6 томдук «Кыргыз Совет энциклопедиясы» (1976-80), 4 томдук «Советтик энциклопедиялык сөздүк» (1976-80) жана андан кийинки чыгарылган түшүндүрмө сөздүктөр жана тармактык энциклопедиялар болуп эсептелет. КСЭдеги көптөгөн терминдер, туунду сөздөр, терминге айланган төл сөздөр жалпы кыргыз тил илиминдеги жаңы сапаттагы зор табылгалардан болуп, лексикалык корубуздун байышына өбөлгө түздү. Ошондой болсо да кээ бир терминдерди которууда кемчиликтерге (атайын) орун берилип, эне тилибизде эквиваленти турган атоолор да шовинисттик саясатка «садага» чабылды. Алсак, *Родина, заседание, старший, начальник* ж.б. сөздөрдүн кыргыз тилинде так маанисин бере турган эквиваленти турса да которулбастан айтылып, жазылып жүргөн.

Лингвистикалык принциптеги бул критерийинин дагы бир тарабы - тигил же бул түшүнүктүн диалектилик сөздөр же кадыресе оозеки тилде гана колдонулуп жүргөн сөздөр менен айтылып калыптанышы. Мисалы, алкак деген географиялык терминдин тегин Ысык-Көл, Нарын говорлорунда айтылган алкак (элек, калбырдын жыгачтан жасалган жээги) [5: 73] деген сөздөн, буюртма деген иш кагаздар термининин тегин Өзгөн, Лейлек тараптарда айтылган буйуртма (атайын заказ менен жасалган буюм) [5: 388] деген сөздөн көрүүгө болот. Ошондой эле сылан короз (куу чирен, көйрөң) оозеки тилдеги сөздөн; бөкөөл түштүк диалектилердеги бул сөз той-аштарда эт бөлүштүргүч маанисинде жалпы элдик тилден орун алып

бaратат. Айрымдары терминдердин да катарына өтүп бараткан мындай сөздөр кыргыз тилинде, азырынча салыштырмалуу аз.

**Терминдердин катары колдонулуп бараткан сөздөрдүн лексика-семантикалык өзгөчөлүктөрү да эске алыныш керек.** Терминологиянын калыптанышында тилдеги көп маанилүүлүк менен сыңар маанилүүлүк, омонимия жана синонимия көрүнүштөрү өз салымдарын кошпой койбойт. Изилдөөлөрдө жана терминдерди тартипке келтирүү жумуштарында терминдердин бир маанилүүлүгү, алардын синонимдеринин болбостугу тууралуу көп айтылат. Бирок кээде синоним маанисиндеги сөздөрдүн да термин болуп калыптангандыгы жок эмес. Мисалы, басым – атмосфералык басым; басым лингвистикада – сөздүн бир муунуна түшкөн басым; согуу толкуну – өзөктүк куралдын бир аракети; радио толкуну.

**Терминдердин сөз жасоо жолдору менен жасалышы.** Бул жерде термин болуп жасалган сөздүн адабий тилдин жана сөз жасоо ыкмаларынын нормаларына ылайык аткарылышы, сөз жасоочу каражаттардын милдет маанилерине жараша туура пайдаланылышы негизги болот. Лингвистикада сөздөрдүн жасалышы, негизинен, үч ыкма менен ишке ашат: **морфологиялык ыкма**, **синтаксистик ыкма** жана **лексика-семантикалык ыкма**. Терминдер да мына ушул үч ыкма менен жасалып калыптанат. Бирок, сөздөрдү жасоочу жогорудагы ар бир ыкманын кайсы каражаты термин жасоого ыңгайлуу экени атайын тандоону талап кылат. Мисалы, кыргыз тилинде сөз жасоонун **морфологиялык ыкмасынын** грамматикалык каражаттары абдан көп. Зат атооч жасоочу -оо, -уу, -чылык сыяктуу мүчөлөрү, сын атооч жасоочу мүчөлөр жана этишти уюштуруучу мүчөлөрдүн бир тобу термин жасоого ыңгайлуу боло бербейт. Жазмакерлердин ага карабай эле сөзгө туш келди мүчөлөрдү жалгап термин катары колдонуп келатышкан жайлары бар. Белгилүү окумуштуу С.Жигитов Терминкомдун бир жыйынында «кыргыз тилинде калыптанган **чыңалуу** – напряжение, **окутуу** – обучение деген сыяктуу терминдерди уюштурган мүчөнүн термин жасоого коошпой турганын айтып, сөздөргө «зат атоочтун касиетин бербейт. Мунун өзү «**токтом**» дегендин ордуна «**токтоо**» деп, «**чечим**» дегендин ордуна «**чечүү**» деп алгандай эле бир обу жок жорук» деп айтканы бар. Демек, сөз жасоочу мүчөлөр берген маанилерине, сөзгө жалганганда тыбыштык жагынын ийкемдүү болушуна жараша тандалып, терминдердин жасалышы акылга сыят.

**Терминдердин орфографиялык талаптарга жооп бериши** да негизги принциптердин бири болуп эсептелет. Ар кандай сөздөрдүн тилдеги кабыл алынган орфографиялык эрежелерге ылайык туура жазылышына талап болгондой эле терминдердин да орфографиялык эрежелерге ылайык туура жазылышына талап зор болот. Башка тилдерден өздөштүрүлгөн терминдердеги тыбыштык өзгөрүүлөр, термин катары тандалган сөздүн сөз жасоочу мүчөлөр менен уюшулушу жана терминдин кош сөз же кошмок сөз түрүндө жазылышы, мына ушулардын бардыгы тилдеги орфографиялык жана пунктуациялык талаптарга жооп берип турушу шарт.

Кийинки мезгилде кыргыз тилинин лексикалык коруна орус тилинен же ал аркылуу чет тилдеринен терминдер күргүштөп кирүүдө. Азыр уккан жаңылыгың, анан эскирип калган маалымат технологиясы заманында ар бир атоонун этимологиясын аңдап, төркүнүн түшүнүп, кыргызчалап анан коомчулукка сунуштоо процесси жай болууда. Ошондуктан, терминдерди бирдейлештирүү үчүн котормо ишин борборлоштуруп, Терминком ишин ыкчам алып баруу жана ал кабыл алынган атоолорду өлкөдө расмий колдонуу үчүн Өкмөттүн токтомун (балким программасын) кабыл алуу керек деп ойлойбуз.

**Адабияттар:**

1. Орузбаева, Б. Ө. Кыргыз тил илими [Текст]: макалалар жыйнагы:
2. Кыргызское языкознание: сб. ст. / Б. Ө. Орузбаева. – Бишкек: Илим, 2004. – 2-т. – 288 б.
3. Миньяр-Белоручев Р.К. Как стать переводчиком? – М: 1999.
4. Комиссаров В.Н. Теория перевода (лингвистические аспекты). – М: 1990.
5. Абдиев Т. Котормо таануу илимине киришүү. – Бишкек: 2008.
6. Ж. Мукамбаевдин “Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. – Бишкек: 2009.